**Тема: Буддизм дининин пайда болушу**

| **Сабактын максаты:** | **Көрсөткүчтөр**: *Жогорудагы максаттарга жетет, эгерде окуучулар төмөнкүлөрдү аткарса:* |
|---|---|
| **Билим берүүчү максаты:** Окуучулар буддизм дининин тарыхый жаралышы жана негиздөөчүсү Сиддхартха Гаутама жөнүндө билимге ээ болушат. | ➢ Будда дини келип чыккан мезгилин жана анын жаралган аймак жөнүндө айтып беришсе<br>➢ Гаутама анын жашоо образын сүрөттөй алышса |
| **Өнүктүрүүчүлүк максаты:** Будда дининин философиясы, маданияты жана жашоо образын анализдешет жана өз позицияларын билдиришет | ➢ Будда окуусунун өзөгү “төрт асыл чындык” жана анын маанисин түшүндүрүшсө<br>➢ Негизги мектептери боюнча айтып беришсе<br>➢ Адептик нормалары боюнча өз ойлорун билдире алышса |
| **Таалим-тарбия берүүчү максаты:** Окуучулардын будда дини жана анын окуусунун жакшы жактарын алуу менен ага болгон сый урматы жана сабырдуу мамилеси калыптанат. | ➢ Адамзаттын жашоосундагы будда дини жана анын окуусунун ролун ачып беришсе<br>➢ Ар бир элдин динине урмат сый менен мамиле кылуу керектигин башкаларга түшүндүрө алышса. |

**Сабактын тиби:** Аралаш сабак


**Колдонулуучу усулдар:** мээ чабуулу, китеп менен иштөө, топтордо иштөө

**Колдонулуучу баалоо усулдары**: эксперттик баалоо

**Сабактын формасы:** “Топтордо, жуптарда жана жекече чыгармачылык ишмердүүлүк”
**Сабактын жабдылышы***:* Компьютер, проектор, экран (интерактивдүү доска), ватман, маркер, дүйнө картасыж.б.

**Сабакта калыптануучу компетенттүүлүктөр:**
***Негизги компетенттүүлүктөр:***
*а) маалыматтык компетенттүүлүк:*
Маалыматты колдоно алат. Жетишпеген маалыматты максаттуу түрдө издөө, анын айрым бөлүктөрүн салыштырат жана анын үстүндө иш жүргүзө алат.
*б) Социалдык-коммуникативдик компетенттүүлүк:*
Диалог аркылуу зарыл маалыматты алууга, жекече, коомдук жана кесиптик маселелерди чечүү үчүн аны оозеки жана жазуу түрүндө билдирет.
*в) Өз ишин уюштуруу жана маселе чече билүү компетенттүүлүгү:*
Өз алдынча же башкалар менен биргеликте ар түрдүү ыкмаларды колдонуу менен маселелерди чечет, ошондой эле андан аркы иш-аракеттер жөнүндө чечим кабыл алат.

**Сабактын жүрүшү**

| Сабактын этаптары | Мугалимдин ишмердүүлүгү | Окуучунун ишмердүүлүгү | Убактысы |
|---|---|---|---|
| **Уюштуруу учуру.** | Мугалимдин окуучулар менен саламдашуусу жана окуучулардын сабакка даярдыгына көз салуу.<br>Мугалим окуучулардан өткөн теманы кайталоо жана үй тапшырманы суроого өтөт. | Саламдашуу жана окуучулар сабакка даяр экендигин билдиришет.<br>Окуучулар өткөн сабактын темасын айтып беришет жана үй тапшырмасын даярдашат. | **2 мин** |
| **Окуучуларды ой жүгүртүүсү үчүн “мээ чабуулу” жана кайтарым байланыш.** | **Өтүлгөн темага кайрылуу, үй тапшырмасын суроо.**<br>А) Окуучулардын билим деңгээлин текшерүү суроолорду берүү<br>Б) Атайын тандалган темада эссе жазып келүү боюнча берилген тапшырманы бир эки балага окутуп кыска талкулоо. | Окуучулар суроолорго так, мазмунга жараша жооп беришет. Ар бир туура жоопко балл алышат.<br>Окуучулар өз калоолору боюнча жазып келген эсселерин окуп беришет. | **7 мин** |
| | Мугалимдин сөзү: Урматтуу  окуучулар биз бүгүн дүйнөлүк диндер жана алардын адамзаттын өнүгүүсүндө кандай роль ойногондугу боюнча жаңы бөлүмгө киришебиз. Азыр силер экрандагы сүрөттү көрүп жатасыңар. Эми эки-экиден болуп ой жүгүрткүлө, бул сүрөт силерге эмнеден кабар берет жана кандай маалыматыңар бар.*(темага чакыруу)*<br>Мугалим азаматсыңар балдар, ооба бүгүнкү өтө турган темабыз дүйнөлүк диндердин бири Буддизм жөнүндө. Мугалим слайд аркылуу теманы, теманын максатын жана окуучулар сабактын аягында | Сүрөттү карап эки-экиден болуп ой бөлүшөт жана кандай маалыматка ээ экендигин мугалимге билдирүүгө даярдык көрүшөт. | **6 мин** |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | эмнеге ээ бол тургандыгын окуучуларга түшүндүрөт. | | |
| **Сабактын максаты жана күтүлүүчү натыйжа.** | Мугалим доскага жаңы теманы жазат же экран аркылуу слайддагы *(эгерде тема боюнча түзүлгөн слайд болгон шартта)* жаңы теманын аталышын көрсөтөт. Сабактын максатын түшүндүрүү менен окуучуларга кандай ишмердүүлүк жүргүзөөрлөрүн айтат. | Окуучулар теманы жазышат. Бүгүнкү сабакта кандай ишмердүүлүк жүргүзүп эмнеге жетише тургандыктарын билдиришет. | **2 мин** |
| **Окуучуларды мотивациялоо, "Мээ чабуулу". Маалыматты толук өздөштүрүү.** | Мугалим слайдды пайдалануу менен кыскача Будда динин пайда болгон мекени, анын негиздөөчүсү Сиддхартха Гаутама анын негизги окуусу жөнүндө айтып берет. Мугалим китептен тышкарки материалдарды пайдаланып балдарга кызыктуу айтып бериши керек. Эгер будданын келип чыгышы жана анын негиздөөчүсү боюнча "Будда идущий светлим путем"- деген видеону 0.00.01.-0.13.10. 10 минутага чейинки убакытта көрсөтүп кетсе да болот. | Окуучулар видео боюнча суроолорго жооп беришет. | **8 мин** |
| **Окуучулардын көндүмдөрүн калыптандыруу. Окуй билүүгө жана өз ойлорун эркин билдирүүгө үйрөтүү.** | Мугалим бардык окуучулардын китебин ачтырып, китеп менен иштөө тапшырмасын берет. Тапшырма төмөндөгүдөй: бардык окуучулар "Будда динин философиясы, маданияты жана жашоо образы" - деген кичи теманы аягына чейин окуп чыгышат.(5 минут)<br>Андан кийин -ряд Будда окуусунун "төрт асыл чындыгын" талкуулашат; 2-ряд буддизим окуусун өнүктүргөн 2 мектеби боюнча анализ кылышат; 3-ряд будда окуусунун идеалы жана аны кабыл алган адамдын адептик нормалары боюнча өз пикирлерин даярдоосу.<br>Бул окуучулардын ишмердүүлүктөрү теманы өздөштүрүүдөгү (түшүнүү, ой жүгүртүү этабына туура келет) | Окуучулардын канчалык деңгээлде маалыматты өздөштүргөнүн мугалим ар бир ряддын кол көтөргөн окуучулар жана аларды жардамчылары аркылуу билет. Окуучулардын аталган тема боюнча өздөштүргөнүн мугалим калыптандыруучу баалоонун негизинде баалайт. | **10 мин** |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **Кайтарым байланыш жана окуучулардын билгичтиктерин бышыктоо, баалоо.** | Мугалим бышыктоо катары “Ким тезирээк” деген оюнду колдонот.<br>Бул оюндун жүрүшү, мугалим күн мурунтан өздөштүрүлгөн материал боюнча суроолорду даярдап коёшу керек. Окуучулар үч командага бөлүнөт. Суроолор слайд аркылуу же мугалимдин окуусу боюнча чыгат.<br>Оюндун максаты: окуучуларды тез ой жүгүртүүгө, так жана кыска жооп берүүгө, командада иштей билүүгө багыттайт. | Кайсы команда тездик менен суроолорго жооп тапса анын балы көбөйөт. Балдын топтолушуна жараша командалардын орду бөлүштүрүлөт жана бааланат. | **6 мин.** |
| **Рефлекция. Жыйынтыктоо жана үй тапшырмасы.** | Мугалим окуучулардан бүгүнкү теманы өздөштүрүүдө кандай иштөө болду жана ал канчалык таасирдүү болгонун сурамжылоо.<br>Мугалим окуучуларга максатка кайрылууга чакырат жана бүгүнкү сабакта эмнеге жетишкендиктери жөнүндө суроо менен окуучулар өздөрү бул теманы жыйынтыктоосуна көмөк көрсөтөт.<br>Окуучулар тема боюнча түшүнүктөрдү жана өз алдынча буддизмдеги адеп-ахалктык нормалар жөнүндө ~~өз~~ ой пикирлерин жазып келүү.<br>Мугалим: Практикалык сабакта “Будда идущий светлом путем” видеосун толук көрсөтүп талкууласа болот. | Окуучулар өздөрү үчүн эң кызыктуу болгон маалыматтарды айтып беришет.<br><br>Мурунку билимдери менен жаңы алган билимдерин салыштырышат.<br><br>Үй тапшырмаларын жазып алышат. | **4 мин** |